**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО НАУКИ, ВЫСШЕГО ОБРАЗОВАНИЯ И ИННОВАЦИЙ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

2026 "12" января № 04

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

Бишкек ш.

**Окуу жылынын башталышын аныктоо жөнүндө**

Окуу жылынын узактыгынын оптималдуу мөөнөттөрүн аныктоо жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 10-сентябрындагы кеңешменин протоколун аткаруу максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 10-июнундагы № 329 "Кесиптик жогорку жана орто билим берүү жаатындагы ченемдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндө" токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку жана жогорку окуу жайынан кийинки билим берүү уюму жөнүндө жобонун 68-пунктуна жана Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүү уюму жөнүндө жобонун 17-пунктуна ылайык, ***буйрук кылам:***

1. Уюштуруучулук-укуктук формасына карабастан, кесиптик орто жана жогорку билим берүү уюмдарында 2026–2027-окуу жылы 2026-жылдын 15-сентябрдан башталат деп белгиленсин.
2. Кесиптик орто жана жогорку билим берүү уюмдарынын жетекчилери:

– окуу жылынын узактыгын мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык белгиленген окуу жүктөмүнө жана академиялык календарга ылайык уюштурсун;

– окуу процесси үзгүлтүксүз жана сапаттуу жүргүзүлүшү үчүн тиешелүү чараларды көрсүн;

– студенттер жана окутуучулар арасында 2026-жылы Кыргыз Республикасында өтө турган Шанхай кызматташтык уюмунун саммити жана Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары тууралуу алардын максаты, мазмуну жана Кыргызстан үчүн стратегиялык, маданий жана эл аралык маанисин кеңири чагылдырган түшүндүрүү иштерин жүргүзсүн.

3. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо министрдин орун басары Н.К. Омуровго жүктөлсүн.

Негизи: Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 10-сентябрындагы кеңешменин протоколу (2025-жылдын 15-сентябрындагы №15-9873), Кыргыз Республикасынын Президентинин иш башкаруучусунда 2025-жылдын 14-октябрында болгон кеңешменин № 38 протоколу (кириш: №05-2-5/712, 2025-жылдын 14-октябры).

**Министр** **Г.Т. Исаматова**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО НАУКИ, ВЫСШЕГО ОБРАЗОВАНИЯ И ИННОВАЦИЙ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

2026 “12” января № 04

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

Бишкек ш.

## Об определении даты начала учебного года

В целях определения оптимальной продолжительности учебного года и исполнения протокола совещания Президента Кыргызской Республики от 10 сентября 2025 года, в соответствии с пунктом 68 Положения об образовательной организации высшего и послевузовского профессионального образования Кыргызской Республики и пунктом 17 Положения об образовательной организации среднего профессионального образования Кыргызской Республики, утвержденных постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики «Об утверждении нормативных правовых актов в области высшего и среднего профессионального образования» от 10 июня 2025 года № 329, ***приказываю:***

1. Независимо от организационно-правовой формы, 2026–2027 учебный год в образовательных организациях среднего и высшего профессионального образования начать с 15 сентября 2026 года.

2. Руководителям образовательных организаций среднего и высшего профессионального образования:

– обеспечить продолжительность учебного года в соответствии с учебной нагрузкой, установленной государственными образовательными стандартами и академическим календарем;

– принять меры для обеспечения непрерывности и качества учебного процесса;

– провести разъяснительную работу среди студентов и преподавателей о саммите Шанхайской организации сотрудничества и Всемирных играх кочевников, которые пройдут в Кыргызской Республике в 2026 году, с акцентом на их цели, содержание, а также стратегическое, культурное и международное значение для Кыргызстана.

3. Контроль за исполнением настоящего распоряжения возложить на заместителя министра Н.К. Омурова.

Основание: Протокол совещания у Президента Кыргызской Республики от 10 сентября 2025 года (№15-9873 от 15 сентября 2025 года), протокол №38 совещания у Управляющего делами Президента Кыргызской Республики от 14 октября 2025 года (вх.: №05-2-5/712 от 14 октября 2025 года).

**Министр** **Г.Т. Исаматова**